С(кырг)
К-58

Турар Кожомбердиев

# Тамаша

«Көлчүктөгү ай»
9-китеп



УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
К58

Кожомбердиев Т.
К58 Тамаша: 9 китеп
Б.:2017.- 24 б. - (Келчүктегү ай)

ISBN 978-9967-472-50-1

***Урматтуу бөбөктөр!***

Кыргыз элинин классик акыны Турар Кожомбердиевдин «Келчүктөгү ай» аттуу балдарга арналган ыр жыйнагы анын тунгуч чыгармасы болуп саналат. Акындын "Көлчүктөгү ай" китеби 1961-жылы жаңы жарык кергөндө кыргыз адабиятына башкача жаңылык жана чоң ачылыш жаратканы менен эсте калган. Бул китеп аркылуу кыргыз эли Турарды тубаса акын, нукура талант деп тааный баштаган. Акындын балдарга арнаган ырлары тарбиялык мааниси өте зор жана пайдалуу экенин мезгил тастыктап келет. Көпчүлүк балдардын суроосу менен 1977-жылы «Көлчүктөгү ай» экинчи жолу басылып чыккан. Акындын замандашы, калемдөши Анатай Өмүркановдун айтымында, Турар Кожомбердиев ушул алгачкы китеби аркылуу эле кыргыз адабиятына дүйнөгө балдардын көзү менен караган, баланын психологиясын кылдат өздөштүргөн акын келгенин кeрсөткен: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Секи ага, ал секиге жарашты. Көз ачып көргөн «Келчүктөгү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбелүкке жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген өтө жөнөкөй деңгээлде эле. «Келчүктөгү ай» балдардын балалык кулк-мүнөз, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны көрбөгөн нерселерди көрүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлөрүнүн жан дүйнөсүнө бүлүк салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Көлчүктөгү ай» китебин акындын 75 жылдык маарекесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкөндөрүндө кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Келчүктөгү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура көрдүм. "Көлчүктөгү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүрөттер пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон көркөм сүрөттөр китептин келемүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Көлчүктөгү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу көркөм деөлет болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына көмек көрсөтүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-472-50-1

УДК 821,51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2017

Турар Кожомбердиев

# Тамаша

## “КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”

9-китеп



12-5-1
27513

# ТАМАША

Жемиш толгон шагында
Жүрүп колхоз багында.
Алма менен бир койдум,
Аскар турса жанымда.

Алмаларын таштады,
Аскар көзүн жаштады.
Апалаган добушу
Улам күчөй баштады.

Мен Аскарды тилдедим:
– Тамашаны билбөдиң.
Ээй! Эй! Ыйлаак, экинчи
Мени менен жүрбөгүн.

Чоң бутактын башына
Чыгып жатсам шашыла,
Жунуш алма ыргытты,
Тарс! дөп тийди башыма.

Көзүмдөн от чагылып,
Көзүмөн жаш агылып,
Ыйлап жатсам көп балдар
Мага күлөт жабылып.

Башым ооруп тырышты,
Билбөйм эмне кылышты.
– Жиндисиң, -дөп бышактап,
Тилдөп кирдим Жунушту.

Балдар күлбөй калышты,
Мага чуркап барышты.


5

Кужулдөшүп бардыгы
Жалпы ортого алышты.

-Урушпай жен журбөйсүң,
Көрүнгендү тилдейсиң.
Алма менен урганда
Баш оорурун билбейсиң.

Өзү билбейт күнеесүн,
Аскарды уруп күлесүң.
Качанкыга ушинтип,
Тентек кылып жүресүң?

Кечээ урдуң Ашымды,
Тентектигиң ашынды.
Урган сага мындай деп,
Жарып салса башыңды.

Ыйлатасың Бурушту,
Сен сүйөсүң урушту.
Алма менен бир койгон
«Азамат» де Жунушту.

«Чычкан» бол деп Жунушту,
«Мышык» бол деп Бурушту.
Бири-бирин кубалап,
Кызык оюн курушту.

Баштадың деп урушту,
Тилдедиң деп Жунушту.
Мени ойнотпой коюшту,
Билбейм эмне кылышты?



# КЕДЕҢДЕГЕН БАЛАПАН

Кедеңдеген тырнактай,
Кечээ чыккан балапан.
Эки жашар инимден
Кыйын чуркайт карасаң!



## УЛАГЫМ

Энөсинен сакалчан
Төрөлүптүр улагым.
Жакшы багам. Тарткылап
Оорутпаймын кулагын.



# КӨК МЫШЫКТЫН БАЛАСЫ

Эң эле жоош, мыёолоп.
Эшке чыгат эрбейип.
Кичинекей болсо да,
Муруту бар сербейип.

Аңдып туруп ийинди,
Чычкан алат дайыма.
Тону түшпөйт жонунан,
Кышында да жайында.



# ЁЛКАДА

Кандай сонун ёлкабыз
Койнунан нур чачылат.
Ыр ырдашып бөбөктөр
Көңүлдөрү ачылат.
Аяз ата чычкан болуп,
Керим – мышык. Качырат.

Таноолору дердеңдеген,
Биздин Канат береги.
Кубанычтан жүзү жанат,
Колдо кызыл желеги.
Апасынан минтип сурайт:
- Аяз атам биз менен
Мышык-чычкан ойноого
Эртең дагы келеби?
Дагы белек береби?



# АКЫЛЫ ЖОК КЕМЕЛБЕК

Чуңкур казып шиш менен,
Үстүн жаап белендөп,
Бирөө түшсө күп этип
Карап туруп күлөм деп,
Аңдып жатып зеригип
Көтип калды Кемелбек.

Кечте үйүнө келатса,
Күчүк чыкты арс этип.
Коркуп качып баратып,
Өзү казган чуңкурга
Көмөлөндү тарс этип.



# ЖАҢЫРЫК

Тоодон жүргөн шамалга
Келдүн суусу чайпалат.
Кызыл боёк теккөндөй
Кызгалдактар жайкалат.
Гүлдү аралай жүгүрүп,
Энесине энтигип
Мындай деди Айтмамат:
- Тиги аскалар, апаке,
Сөздү мендей айталат.
Мен ырдасам жактырып,
Туурап турду кайталап.

# ЖАҢЫРЫК

Тоодон жүргөн шамалга
Көлдүн суусу чайпалат.
Кызыл боёк төккөндей
Кызгалдактар жайкалат.
Гүлдү аралай жүгүрүп,
Энесине энтигип
Мындай деди Айтмамат:
- Тиги аскалар, апаке,
Сөздү мендөй айталат.
Мөн ырдасам жактырып,
Туурап турду кайталап.



27513 1251

## СҮРӨТТҮҮ КИТЕП

Сүрөтү бар китепти
Мен алам деп Малабай.
Сүрөтү бар китепти
Мага бер деп Карабай,
Талашышты жулкушуп,
Китеп калды айрылып,
Эч нерсеге жарабай.


SPORT

Турар Кожомбердиев
"КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ"
9-китеп

# ТАМАША

Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн
Ырлар

**Мазмуну:**

ТАМАША.......................................................................2-5

КЕДЕҢДЕГЕН БАЛАПАН...................................................6-7

УЛАГЫМ.......................................................................8-9

КӨК МЫШЫКТЫН БАЛАСЫ..........................................10-11

ЁЛКАДА......................................................................12-13

АКЫЛЫ ЖОК КЕМЕЛБЕК............................................14-15

ЖАҢЫРЫК...................................................................16-17

СҮРӨТТҮҮ КИТЕП.........................................................18-19

Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүрөтчүсү: Исраилова Динара
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий

Кагаз форматы: 84х55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 1500 экз.
"ГОЗНАК" ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо кечесү, 1.

1251
27513


Турар Кожомбердиев
Беке, Меке, Кеке
жана мүйүздүү теке

Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм

Биздин күчүк Кумалак

Жалакай Жантай

Көлчүктөгү ай

Турар Кожомбердиев
Тентек улак

Турар Кожомбердиев
Сугалак мышык

Турар Кожомбердиев
Коңуз
чегилген чана

Турар Кожомбердиев
Тамаша